УДК: 821.512.161(575.2)(04)

***Бозкурт Ремзи,***
*Аспирант*
*Бишкекский гуманитарный университет*
*Email: bozkurt2023@mail.ru*

# ТҮРК ЭЛДЕРИНИН ООЗЕКИ АДАБИЯТЫНДАГЫ ТЕНДЕШ КУУДУЛДАРДЫН БИРИ – АЛДАР КӨСӨ

***Аннотация:*** *Түрк элдеринин орток тамаша каармандарынын бири болгон Алдар Көсө кыргыз оозеки адабиятынан сырткары азербайжан, өзбек, казак, каракалпак, башкурт, тажик, татар, крым жана түркмөндөрдө да таанылган. Түрк элдери арасында мифтик каарман катары кабыл алынса да, казак, кыргыз, өзбек жана түркмөн булактарын изилдегенибизде, анын Жаныбек хандын учурунда жашагандыгы тууралуу маалыматтарды жолуктурабыз. Бул булактардын баарында көрсөтүлгөн мезгил орток экендиги бизге Алдар Көсөнүн чыныгы жашоодо болгон каарман экендигин билдирет. Бул улуттардын көбүндө айтылган тамашалардын баарында байыркы замандагы социалдык окуялар менен байланышкан темалар шылдыңга алынганы үчүн аябай күлкүлүү жана кызык окуялар ортого чыккан.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Куудулдук, тамаша каарманды, Түрк элдери, миф, фольклор.*

***Аннотация:*** *Алдар-Косе является одним из наиболее распространенных юмористических персанажей турецкой, узбекской, башкирской, таджикской, татарской, туркменской и крымской культур. Во многих Тюркоязычных странах принято считать, что Алдар-Косе является выдуманным персонажем, в то время как для казахских, кыргызских, узбекских и туркменских народов он являлся исторической персоной, жившей во времена правления Жанибек хана. Этот общий признак показывает нам, что Алдар-Косе действительно существовал в истории. В рассказах про Алдар-Косе поднимались актуальные проблемы того времени, и так как истории были сатирическими, они были смешными и интересными.*

***Ключевые слова****: юмор, юмористический персанаж, Тюркоязычный стран, миф, фольклор.*

***Abstract:*** *Aldar-Kose is one of the most widespread comic characters of the Turkish, Uzbek, Bashkir, Tajik, Tatar, Turkmen and Crimean cultures. In many Turkic-speaking countries it is considered to be that Aldar-Kose is the invented character while for the Kazakh, Kyrgyz, Uzbek and Turkmen people he was the historical person living at the time of board Zhanibek of the khan. This general sign shows us that Aldar-Kose really existed in the history. In stories about Aldar-Kose actual problems of that time and as stories were satirical rose, they were ridiculous and interesting.*

***Key words:*** *humour, comic character, Turkic-speaking countries, myth, folklore.*

Түрк элдеринин орток тамаша каармандарынын бири болгон Алдар Көсө кыргыз оозеки адабиятынан сырткары азербайжан, өзбек, казак, каракалпак, башкурт, тажик, татар, крым жана түркмөндөрдө да таанылган. Түрк элдери арасында мифтик каарман катары кабыл алынса да, казак, кыргыз, өзбек жана түркмөн булактарын изилдегенибизде, анын Жаныбек хандын учурунда жашагандыгы тууралуу маалыматтарды жолуктурабыз. Бул булактардын баарында көрсөтүлгөн мезгил орток экендиги бизге Алдар Көсөнүн чыныгы жашоодо болгон каарман экендигин билдирет. Бул улуттардын көбүндө айтылган тамашалардын баарында байыркы замандагы социалдык окуялар менен байланышкан темалар шылдыңга алынганы үчүн аябай күлкүлүү жана кызык окуялар ортого чыккан.

Бир топ түрк элдеринин фольклорундагы Алдар Көсө окуяларын изилдегенибизде, анын байыркы доорлордон тартып бири-бирине окшош түрдө түрдүү каармандар жана фигуралар аркылуу ушул күнгө чейин сакталып келгендиги көрүнөт. Кийинки мезгилдерде да ар элдин оозеки маданиятында өнүгүү процессин уланткан.

Алдар Көсөнүн түрдүү окуяларынын бири-бирине окшош түрдө кыргыз, түрк, казак, каракалпак, түркмөн улуттарында да айтылуусу бизге түрк элдеринин жашоо түрлөрүнүн бири-бирине окшоштугун көрсөтүү менен бирге ошол эле учурда өтмүштө жашаган түрк урууларынын этникалык түбү арасындагы рухий, моралдык байланыштын да канчалык даражада түптүү жана терең экендигин билдирип турат.

Кыргызстанда Алдар Көсө куудулдардын пири катары билинет. Кыргыз оозеки адабиятындагы атактуу куудул устаттары куудулдук өзгөчөлүктөрү жагынан Алдар Көсөгө окшош келишет. Куудулдардын тууроо жөндөмдөрүн, кылыктан-кылыкка кулпуруп түрдүү оюн жана амалдары менен каршысын алдап шылдыңдоо сыяктуу өзгөчөлүктөрүн Алдар Көсөдө да кезиктирүү

мүмкүн.

Алдар Көсө кыргыз оозеки маданиятында акын катары да билинет. Кыргыз оозеки адабиятында башка куудулдар сыяктуу акындыкта да чебер болгон Алдар Көсө ушул жагы менен башка түрк элдериндеги Алдар Көсө каармандарынан айырмаланат. Байыркы замандарда жашаган Алдар Көсө куудул катары билинсе да, кыргыз акындык өнөрүндө акын катары да таанылат. "Жайсаң ырчы, Кет Бука, Асан Кайгы, Толубай сынчы, Токтогул ырчы, Санчы-сынчы, Коркут ата, Жээренче чечен жана Алдар Көсө сыяктуу айтуучулар үчүн кыргыз фольклорчулары тарабынан легендарлык акындар аныктамасы берилген" (Alimov 2010, 46). Башка түрк элдеринде болсо Алдар Көсө тамаша каарманы же жомок каарманы катары гана кездешет.

Алдар Көсө каарманынын бардык түрк улуттарында билинген эң маанилүү өзгөчөлүгү - аты айтып тургандай, "Алдар" сөзүнүн мааниси болгон алдоочулук, амалкөйлүк. Алдар Көсө – түрк дүйнөсүнүн жомок жана тамашаларынын эң маанилүү алдамчы каармандарынын бири. Тамаша жана жомоктордо куулук жана көз боёмочулук менен адамдарды, жаныбарларды, дөө жана шайтан сыяктуу адаттан тышкары жандыктарды алдаган Алдар Көсө атынын мааниси менен жуурулушуп, алдоодо чебер каарман болгон. Бир нече түрк элинде сакалы жоктор "көсө" деп аталгандыгы үчүн "көсө" лакабы да сакалы болбогондугу үчүн берилген.

Алдар Көсө каарманы бардык түрк элдеринде мүнөз катары Насирдин Кожодон бүтүндөй айырмаланат. Түрк элинин тамаша жана окуяларындагы Насирдин Кожонун жөнөкөйлүгүн жана момундугун Алдар Көсөдө учуратуу мүмкүн эмес. Алдар Көсө атынан эле байкалгандай, түрдүү оюн жана амалдарды колдонуп адамдарды шылдыңдаган жана аларды көпчүлүк ичинде кемсинткен каарман. Ал түрдүү амал жана акыл оюндары аркылуу атаандашына ачуу сабак берет жана коом ичинде кемсинтет. Насирдин Кожодо болсо тамашаларынан байкалгандай, айла-амал, көз боёмочулук жок. Негизи Кожонун тамашаларында Алдар Көсөдө болгондой чыныгы атаандаш да жок. Анын атаандаштары – жасалма жана өзүнөн-өзү пайда болгон каармандар.

Алдар Көсө башка түрк элдеринде да атактуу болуу менен бирге эң көп казак эли арасында таанылган каарман болуп саналат. Казак окуяларында анын аты көп кездешет. Казак адабиятында Алдар Көсө баяндары жомок түрүндө айтылат. Жомоктордун түрдүүлүгү жана узундугу себептүү бул каармандын мультфилмдери тартылган.

Казактарда Алдар Көсөнүн ортого чыгышы тууралуу бир жомок айтылат. Жомок төмөндөгүдөй: "Бир кары абышканын үч уулу болуптур. Абышка өлө тургандыгын түшүнгөндө, үч уулун жанына чакырып, алардан: "Эмне жумуш кылгыңар келет?"- деп сураптыр. Эң улуусу: "Дыйкан болом,"- дептир. Ортончусу: "Чабан болом,"- дептир. Ал эми кенжеси: "Алдамчы болом,"- дептир. Абышка алардын айткандарына кошулуп: "Максатыңарга жеткиле!"- дептир. Ошондон кийинки окуялар кичүү уулу Алдар Көсөнүн тегерегинде болуп өтүптүр" (Emedov 2001, 41).

Окуяда абышканын үч уулунан эң куусу жана эң кичүүсү болгон Алдар Көсө тиги бир туугандарына караганда башкача мүнөзгө ээ. Ошондуктан жомок кичүү уулдун тегерегинде болуп, өнүгөт жана аяктайт. Башка элдердин да айтуусунда дайыма кичүү бала башка балдарга салыштырмалуу акылдуу, күчтүү, айлакер жана куу болот. Казактар арасында айтылган үч бир тууган жомогуна окшош жомок каракалпактарда да айтылып жүрөт. Бирок ал жомоктогу бир тугандар бири-бирине атаандашат.

Кээ бир казак окумуштуулары Апендини Борбордук Азия элдеринин орток каарманы катары көрөт жана ошону менен бирге Алдар Көсөнү тарыхта жашаган киши катары кабыл алып, өз улутунан чыккан деп эсептешет. Ошондой эле Казакстандагы айрым материалдарда кыргыз булактарындагыдай Жаныбек хандын доорунда жашагандыгы айтылат. Ушуга тиешелүү баян төмөнкүдөй: "Алдар Көсө жана Жээренче чечен – Алаша жана Жаныбек хандын заманында жашаган чыныгы каармандар. Алдар Көсө кайтыш болсо да, анын өнөрү жоголгон жок жана улантылып жатат. Чынында эле Алдар Көсөнүн "сөздөрү" ар доордо жаңыдан жаңырып азыркы күндөргө чейин келип жеткен. Алдар Көсөнүн каармандык, куудулдук өнөрүн улантқандар да бар, мисалы атактуу Турлымбет жана Шаншар сыяктуу куулар казак элинде көп эле" (Адамбаев 2008, 43).

Казакстандагы Алдар Көсө каарманында күлүү элементтери башка түрк элдери менен окшош болгону менен бирге ушул өзгөчөлүгү аркылуу Насирдин Кожо каарманынан айырмаланат. Тамашаларында Алдар Көсөнүн куу, ач көз болуусу, башкаларды шылдыңдашы жана аларды акмак ордуна коюусу эл арасында күлкүгө себеп болууда. Күлкүгө себеп болгон нерсе – бул анын шылдыңдаган, куу амалдары. Алдар Көсө ушул жагы менен Насирдин Кожодон айырмаланат. Себеби Кыргызстан жана Түркия менен бүтүн түрк элдеринде Насирдин Кожо – жөнөкөй, момун, башкаларды шылдыңдоо сыяктуу ниети болбогон карапайым каарман. Алдар Көсө окуяларында болгондой, эл анын куулугуна жана башкаларды мыскылдаганына эмес, табигыйлык жана келесоолук менен берген жоопторундагы курч акылына жана каршысын күлкүлүү абалга түшүрүүсүнө күлөт. Кыскасы, Алдар Көсөдө эл анын куулугуна жана көз боёмочулугуна күлсө, Кожодо болсо келесоолук жана курч акылдан пайда болгон комиктикке күлөт.

Алдар Көсө – түркмөндөр арасында да билинген каарман. Ал тууралуу айтылган түрдүү жомок жана уламыштар кездешет. Түркмөнстанда Алдар Көсө тамашалары узун болгону үчүн жомокко көбүрөөк окшойт. Түркмөндөр арасында "Алдар Көсө жана казы", "Алдар Көсө, дөөлөр жана түлкү", "Падыша жана Алдар Көсө", "Алдар Көсө тойдо" сыяктуу окуялар Алдар Көсөгө таандык катары айтылган окуялардын арасынан орун алган.

Түркмөндөрдө Алдар Көсө – тамашалар менен бирге жомоктордо да орун алган каарман. Ал жомоктордо Көсө дөөлөр менен жана өзү сыяктуу куу түлкүлөр менен күрөшөт. "Алдар Көсө, дөө жана түлкү" аттуу жомокто ал бир дөө жана түлкү менен күрөшөт. Жомокто Алдар Көсө чөлдө бир дөөгө туш болот жана ал менен күч сыноого киришет (Юahin 2012, 175). Окуянын уландысында түрдүү амалдар менен дөөнү жеңет жана түлкү менен күрөшүп баштайт. Жомок Алдар Көсөнүн түлкүнү жеңүүсү менен аяктайт.

Түркмөндөр арасында Алдар Көсөнүн да алдыга чыккан эң маанилүү өзгөчөлүгү – адамдарды түрдүү жалган жана амалдар менен алдай алгандыгы. Уулу базарга сатуу үчүн алып барган уюн эчки акчасына сатып алган кардарларды Алдар Көсө сегиз жолу алдайт. Бардык акчаларын алгандан кийин ал соодагерлерди кул катары сатыкка чыгарат. Падышалардын акчасын жана айрым учурларда кыздарын да алат. Түркмөндөр арасында Алдар Көсө бир гана адамдарды эмес, шай-

танды да алдай алган каарман болуп саналат (Юahin 2012, 51-52).

Алдар Көсөнүн тамаша жана окуялары өзбектер арасында да азыркы күнгө чейин жетип келген. Баяндарда башка түрк элдеринде болгондой алдаган, айлакер, куу, ар окуя жана абалдан курук чыкканды билген каарман катары кездешет.

Өзбектер арасында Алдар Көсөнүн өлүмү тууралуу бир баян кеңири тараган. Ошол баян боюнча бир киши Алдар Көсөнүн көсөлүгүн шылдыңдайт. Эмне үчүн көсө экендигине жооп таба албаганАлдар Көсө жарылып өлөт (Erimbetova 2003, 17).

***Литература***

1. Alimov U. Kırgız Aytışları [Текст] / U. Alimov // İzmir: Yayınlanmamış Doktora Tezi. - 2010 - S. 17-18., - S. 46.

2. Boratav P.N. Az gittik, Uz gittik Hoca [Техт] / P.N. Boratav //Ankara: Bilgi Yayınevi. - 1969 - S. 306-314.

3. Адамбаев Б. Қазақ шешендері туралы ел аузында сақталған естеліктер [Техт] / Б. Адамбаев // Алматы : Білім. 2008. - 43 б.

4. Şahin H. İ. Aldar Köse Tipi ve Taşkent'te (Özbekistan) Yayımlanmış Taşbaskısı Aldar Köse Kitabı Üzerinde Bir Değerlendirme [Техт] / H. İ. Şahin // İstanbul Üniversitesi Türkiyat Araştırmaları Enstitüsü: Türkiyat Mecmuası. – Bahar. - 2012. - C. 22. -175 s.

5. Erimbetova D. [Техт] / D. Erimbetova // Aldar Köse Fıkraları İstanbul: Yesevi Yayıncılık. – 2003. 17. s.